| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>МОСКВА РАЙОНУ<br>МИҢ-БУЛАК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>МОСКОВСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>МИН-БУЛАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Мин-Булак айыл аймагынын**
**айылдык Кеңешинин I-чакырылышы**
**ТОКТОМ №98**

12-сентябрь 2025-жыл Садовое а.

**Миң-Булак айыл аймагынын жаштар өнүгүү планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Миң-Булак айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары – жооптуу катчысы М.Ж.Жылдызбековдун маалыматын угуп жана айылдык кеңештин билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык-маданий маселелер, спорт жана жаштар иштери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-сентябрындагы корутундусуна ылайык, жаштардын коомдук турмушка, маданий жана спорттук иш-чараларга активдүү катышуусун камсыз кылуу максатында, Миң-Булак айыл аймагынын кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Миң-Булак айыл аймагынын жаштардын өнүгүү планы 2025-2027-жылдарга тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Миң-Булак айыл өкмөтү пландын ишке ашырылышын камсыз кылсын жана анын аткарылышын көзөмөлдөсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңештин билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык-маданий маселелер, спорт жана жаштар иштери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Булазова Г.Т.**